УДК 37. 0

Сойсал И.
*Х. Карасаев ат. Ысык-Көл лицейи*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ ПРОЦЕССИНИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

Өз алдынча окуу ишин активдештирүү процессинин технологиясынын түзүүчү элементтердин анализдөө алардын компоненттерди гана эмес, шарттарды да бөлүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондуктан биз өз ара карым - катыш чөйрөсүн ОӨТБИА процессинин ажырагыс технологиялык шарты деп эсептейбиз, ошого ылайык мугалимге уюштуруучу катары, бул процессти ишке ашырууну башкаруучу катары маанилүү жана жоопкерчиликтүү роль таандык.

Ошентип, лицейде окуучулардын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүккө активдештирүү проблемасын чечүүнүн шарттарынын бири болуп педагогдун профессионализми эсептелет.

«Начар педагог - болгону окуу китебинин, программанын, билим берүү стандартынын транслятору.

Жакшы педагог-жашоо контекстинде өзүн ойногон актер болуп эсептелет [1].

Чындыгында биздин экспериментте окутуучу негизги фигура болуп эсептелет, айрыкча 10-класстарда ага методолог катары маанилүү роль берилет, анын профессионализминен биздин проблеманы ийгиликтүү чечүү көз каранды. Мугалимдин ролу жана анын функциясы илимий көз караштан алганда педагогика илими пайда болгондон бери изилденип келген.

Демек, өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү режиминдеги мугалимдин ишин үчүнчү миң жылдыктын технологиясынын элементин киргизсе болот.

Окуучунун өз алдынча ишинде мугалимдин жетекчилик ролу төмөндөбөйт, тескерисинче, өсөт да, педагогдун көндүмдөрүн жана билгичтиктерин талап кылат. «Лицейдеги ишти канчалык ийгиликтүү жана өз алдынчалуу болушун каалասак, окуучунун алдын - ала ишмердүүлүгү ошончолук тыкан болушу керек».

Лицейдеги мугалимдин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү болуп ал иштеген метериалдын мазмуну эсептелет [2].

Экинчи обьективдүү өзгөчүлүгү окуу предметтер боюнча мугалимдердин көпчүлүгү илимдин негизиндеги түрдүү тармактардын адистери болуп саналат.

Ошентип, ишмердүүлүктөн биринчи, конструктордук технологиялык түрүн мугалим-адис ишине ашыра алат, ал эми методологдун ролдук функциясы мугалим үчүн кыйынчылык туудурат, анын үстүнө ОӨТБИА процессинин методикасы жогорку класстардын психологиясын билүүнү талап кылат.

Ошентип, ОӨТБИА процессинин режиминде иштеген мугалимди окутуунун технологиясынын алгачкы педагогикалык көндүмдөрү менен куралдандыруу керек, себеби өзүн өзү окутууну уюштурууда педагогдун профессионализми зарыл шарттардан болуп саналат.

Өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгү процессинде билимге жетишүү билгичтиги активдүүлүктү пайда кылуучу изилдөөнүн методу жана таануу процессин туура уюштуруудан көз каранды, ошондуктан мугалимдин ролу абдан жооптуу.

Чындыгында, окутуудагы аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк өзүнөн өзү пайда болбойт. Аларды өнүктүрүү үчүн мугалим окуучунун белгилүү усулдарын, ыкмаларын жана дидактикалык каражаттарды колдонууну талап кылынат. Алардын бири, мугалимдин күчү менен түзүлүүчү майевтика – суроо берүү искусствосу анын жардамы менен мугалим окуучуларды чындыкка алып келет. Майевтиканы билген, профессионал педагог жаңы материалды үйрөнүүнү акыл ишмердүүлүгүн өнүктүрүүчү, өз алдынча таанууга жол берүүчү биргелешкен изилдөөгө айлангыдай суроолорду түзө билет (96, 47).

Ар бир педагог - өзүнүн сабагынын автору жана ал сырттан инструкция гана алат, ал эми интериоризация процесси жеке болуп эсептелет, ар бир мугалимдин мүнөзү, жөндөмү

ар түрдүү, ошондуктан ар бир теория, инструкция сапаттуу эффективдүү сабак үчүн абсолюттук кепил боло албайт. Ошону менен бирге, ОӨТБИА режиминдеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн негизги максатына адекваттуу болгон стандарттык ыкмалар жана жагдайлар бар.

Лицейдин мугалими программага жана тышкы шарттарга көз каранды (кабинеттин болушу, анын жабдылышы, окуу программасы, коллективдеги психологиялык климат), ошону менен бирге ОӨТБИА процессинин жүрүшү мугалимдин чыгармачыл жөндөмүнө көз каранды. Мугалим көп милдеттерди чечет, анын ичинде өз алдынча тааныпбилүү ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн маанилүү болот, сабакты үнөмдүү пландоо, «суроо атмосферасын» түзүү, мотивациянын шарттарын, каражаттарын издөө, эрктик күчтү өнүктүрүү, өз алдынча ишмердүүлүккө багыттоо, таанып-билүү ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, окуу процессинин натыйжалуулугун көзөмөлдөө эсептелет.

Лицейде педагогикалык процесстин шарттарын анализдөө ОӨТБИА процессинде мугалимдин ролдук функциясынын өзгөчөлүгүн аныктоого, анын ишмердүүлүгүн системалоого мүмкүндүк берет.

Акыркы убактарда өз алдынча ишти жетектөөгө көп көңүл бурулууда, ал материалды өздөштүрүүнүн психологиялык закон ченемдүүлүгүнө ылайык окуу процессин башкаруу зарылчылыгынан өсүп чыкты. Белгиленгендей, инновациялык педагогикалык технологияда зор көңүл пикирлешүүгө бөлүнөт, мында оң эмоциялар пайда болот, таанып билүү өз алдынчалыгын активдештирүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт. Пикир алышуу процессинде окутуу шарттары окуучу-топ-мугалим системасында өтөт, албетте, ар биринин өзүнүн ролу бар. Бул учурда маанилүү орунда топтогу ролду жана анын мүчөлөрүнүн функциясын бөлүштүрүүгө байланыштуу суроолор турат. Ролдук функцияны калыптандыруу мугалимден өзгөчө жана күнүмдүк көңүл буруусун талап кылат. Ошенсе да, лицейде бир эле убакты бир нече предметтер окутулат, мугалимдер алмашат, окуучулар группасы гана бир нече жыл өзгөрүүсүз калат.

Ошондуктан, топтун ролдук функциясы өз алдынча таанып билүү активдештирүү процессинде өтө маанилүү, себеби андан аркы келечек бүтүрүүчүлөрдүн профессиональдык ишмердүүлүгү жамааттык мамиле менен байланыштуу, окуучунун топтогу иш-аракетин жакшыртып, окуу этикасынын маданиятын өнүктүрүү зарыл.

Лицейде коллективдүү окуп-таанууну уюштуруу көйгөйү биринчи кезекте иштиктүү функционалдык пикирлешүүнү көздөйт, бирок аны тар утилитардык контакт катары кабыл алууга болбойт. Туура түзүлгөн иштиктүү пикирлешүү коллективдин адептик климатын калыптандырууга жол берет, ошону менен бирге объективдүү өзүн өзү баалоого мүмкүндүк берет, кепти өнүктүрөт, өзүн тарбиялоо көндүмдөрүн түзөт.

Окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн коллективдүү формасын өнүктүрүү ар тараптан өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Коллективде болуу фактысынын өзү ишмердүүлүккө байкоо жүргүзүү, өзүнүн активдүүлүгү менен башкалардын активдүүлүктөрүн салыштыруу, коллективдеги баалуулуктарга багытталуу ОӨТБИА процессине жагымдуу таасир көрсөтүүчү психологиялык атмосфераны түзөт, себеби ишмердүүлүктүн коллективдүү багытталуусу күчөйт, бирге эмгектенүүнү активдештирүү үчүн зор стимул пайда болот. Мында жоопкерчиликтен тышкары бул процесске жана окуучунун активдүүлүгүнүн натыйжасына таасир берүүчү анын ар бир катышуучусунун демилгесин жөндөп туруучу мелдештин элементи бар [3].

Көпчүлүк учурда таанып билүү тапшырмаларын аткарууда коллективдүү таанып-билүү ишмердүүлүгү окуучуга жагымдуу таасир берет. Ал окуучунун таануу кызыкчылыгын ойготуп, туруктуу көңүл бурууну камсыздайт. Мында ишмердүүлүк процесси жана анын натыйжасы ачык эмоционалдык боекко ээ болот, билимге ээ болуу интенсивдүүрөк болуп, аны өздөштүрүү сапаты жогорулайт.

Коллективдүү окуу-таануу ишмердүүлүгү тиги же бул формада ар бир сабакта орун алат, мисалы фронталдык суроо, жоопторду толуктоо, ӨАТБ ишмердүүлүгүнөн жыйынтыгын чыгаруу, ал тургай элементардуу түрдө айтып берүү – булардын бары

коллективдеги окуу кырдаалынын ажырагыс элементтери. Коллективде ӨАТБ ишмердүүлүгүн интеграциялоонун чоң мүмкүнчүлүктөрү бир проблеманын үстүндө топ менен иштөөдө ачылат, мында ар бир окуучу тапшырманын кандайдыр бир бөлүгүн аткарат, андан кийин окуучулар бардык иштин жыйынтыгын бирге угуп, баалашат.

Ошентип, лицейде окуучулардын группалык коллективи бир жагынан, ОӨТБИА процессинин технологиясынын табигый жана зарыл шарты катары, башка жагынан мында пайда болгон коллективдүү ТЮ ишмердүүлүгү ТБӨА өнүктүрүүнүн эффективдүү каражатты катары кызмат кылат. Бул жобо лицейдин окуу процессинде окутуунун активдүү формаларын, коллективден тышкары өткөрүүгө мүмкүн болбогон иштиктүү оюндар түрүндө колдонуу менен бекемделет [1].

Оюн сабактарды өткөрүүнүн методикасын үйрөнүү “иштиктүү оюн” ОӨТБИА нын коллективдүү, натыйжалуу каражаты экендигин бекемдөөгө мүмкүндүк берет. Түрк тилдери боюнча сабак- оюндар көпчүлүк учурда ролду аткаруу, оюн проект, имитациялык көнүгүүлөр түрүндө өткөрүлөт, булар реалдуу өз ара байланышты өздөштүрүүгө багытталган. Окуучу өзүнүн ӨАТБ ишмердүүлүгүндө классташтарына таянууга мүмкүн болгон активдүү окутуунун формасы анын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрөт, демек, ТБӨА да активдештирилет.

Оюндун педагогикалык ийгилиги адамдын оюн ишмердүүлүгүнөн миң жылдык тажрыйбасы менен шартталган, мында инсандын өзүн аңдоосу максаттуулугу, активдүүлүгү, ой жүгүртүүнүн динамикалуулугу, эстин бекемдигин жана динамикалуулугу, өз күчүнө ишенгендик сыяктуу сапаттары чагылдырылган.

Оюн убагында өз алдынча чечимдер кабыл алынат, түрдүү жашоо кырдаалдары ойнолот, профессионалдык деңгээлде конфликтер четтетилет.

Оюндун катышуучуларынын алдын ала өз алдынча даярдыгы көпчүлүк учурда ийгиликке жетишүүгө жол берет, ошондуктан биз толук түрдө иштиктүү оюн окуучунун ӨАТБИ активдештирүүнүн дидактикалык каражаты катары кызмат кылат деп эсептейбиз.

Коллективдин жагымдуу эмоционалдык атмосферасы билимге, өзүн өзү өнүктүрүүгө таасир берет, бул ОӨТБИА процессинин эффективдүүлүгү үчүн абдан маанилүү.

Ошентип, лицейдеги окуучуларды ОӨТБИ активдештирүү көйгөйүн изилдеп, биз көпчүлүк учурда окуу аудиториясында педагогдун жетекчилиги менен жана коллективдин катышуусу менен ишке ашарына көрдүк. Ошондуктан, берилген факты ОӨТБИА процессинин технологиялык шарттары катары кароого болот.

Окуу процессинде жалпысынан жана айрым учурда ОӨТБИА да мугалим, окуу группасынын коллективи жана окуучунун ортосунда белгилүү өз ара иш аракет жана карым-катыш пайда болот, биз муну схемада чагылдырдык [2].

Берилген схемада лицейчи жана анын ишмердүүлүгү өзүнчө эмес.

Мугалим жана окуу коллективи менен өз ара биргелешкен иш аракетте каралат, себеби алар окуу процессинин табигый, ажырагыс чөйрөсү болуп саналат.

Схеманын белгилүү өзгөчөлүгү болуп жабыктыгы эсептелет, бул бардыгынын жана группанын мүчөлөрүнүн ар биринин ишмердүүлүгүндөгү өз ара шарттуулук жана өз ара таасирди көрсөтүп турат. Чындыгында, мугалимдин ишмердүүлүгү окуу группасында чагылдырылат, ошону менен бирге ар бир окуучуга; ал өз кезегинде өзүнүн ишмердүүлүгү менен топтун абалын, ошондой эле мугалимдин абалын өзгөртөт.

Окуу процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттешүүсүнүн шарттуу схемасы ишмердүүлүктүн кайсы түрү, кайсы психологиялык-педагогикалык каражаттар аркылуу ишке ашарын көрсөтөт. Демек, биз лицейдеги өз аллдынча окуу ишин активдештирүүнүн зарыл шарты болуп карым-катыш чөйрөсү, өз ара сыйлоо, бирге эмгектенүү жана атаандашып иштөө эсептелет деген натыйжага келдик.

**Адабияттар**

1. Якиманская С. Развивающее обучение. – М.: Педагогика. 1979, -с.144.
2. Хан.Н.Н. Теоретические основы сотрудничества в педогогическом процессе общеобразовательной школы// Докторская диссертация. г.Алматы, 1998.

3. Лозова В.И. Целостный подход к формированию познавательной активности школьников. Автореф. Дисс. док. пед. наук. -Тбилисси, 1990, - с.37.